Буйрук №881

20.07.2023

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин «Кыргыз Республикасынын калкы үчүн вирустук В жана С гепатиттери менен байланыштуу медициналык кызматтарды көрсөтүү жаатында саламаттык сактоо уюмдарынын ишкердүүлүгү жөнүндө» №191 27.02.2023-ж., буйругуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Лабораториялык диагностиканын жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү жана Кыргыз Республикасында кан аркылуу жугуучу вирустук гепатит боюнча диагнозду өз убагында тастыктоо максатында **буйрук кылам:**

1. КР ССМнин 27.02.2023-ж., №191 «Кыргыз Республикасынын калкы үчүн вирустук В жана С гепатиттери менен байланыштуу медициналык кызматтарды көрсөтүү жаатында саламаттык сактоо уюмдарынын ишкердүүлүгү жөнүндө» буйругунун 2-тиркемесине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 3.7-пунктунун 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда берилсин: «Гемоконтактык вирустук гепатиттерди (мындан ары-ГВГ) тастыктоо үчүн плазманын үлгүсү ОААжМСЭКБ/КЖВГжАИВКБнын аймактык ПЦР лабораторияларына (ССУлардын каражаттарынын эсебинен) жеткирилет».
- 3.7-пунктунун 5-пунктчасы «Жыйынтыктарды тастыктоо тартиби» күчүн жоготту деп табылсын:
- 3.7-пунктунун 6-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Плазма үлгүсү:

a) Бишкек шаарынын шаардык деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарынан ОААжМСЭКДнын лабораториясына;

b) Бишкек шаарынын Республикалык деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарынан жана МСЭК мекемелеринен РКЖВГжАИВКБнын лабораториясына;

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КӨЧҮРМӨСҮ АНЫК / КОПИЯ ВЕРНА
“____” ______________20____ ж.г.

c) Чүй областынын чыгыш бөлүгүндөгү жана Аламүдүн районундагы саламаттык сактоо уюмдарынан Ысык-Ата ОААжМСЭКБнын лабораториясына;

d) Чүй областынын батыш бөлүгүндөгү саламаттык сактоо уюмдарынан Жайыл ОААжМСЭКБнын лабораториясына;

e) Ош облустук жана Ош шаарынын жана саламаттык сактоо уюмдарынан Ош КЖВГжАИВКБнын лабораториясына;

g) Баткен областынын Баткен жана Лейлек райондорунун саламаттык сактоо уюмдарынан Баткен КЖВГжАИВКБ лабораториясына;

h) Кадамжай районунун жана Кызыл-Кыя шаарынын саламаттык сактоо уюмдарынан Кадамжай ОААжМСЭКБнын лабораториясына;

i) Жалал-Абад шаардык саламаттык сактоо уюмдарынан Жалал-Абад ОААжМСЭКБнын лабораториясына;

j) Жалал-Абад областынын саламаттык сактоо уюмдарынан Жалал-Абад КЖВГжАИВКБнын лабораториясына;

k) Ысык-Көл областынын Тоң, Түп, Ак-Суу жана Жети-Өгүз райондорунун саламаттык сактоо уюмдарынан Караколдук ОААжМСЭКБнын лабораториясына;

l) Ысык-Көл областынын Ысык-Көл райондук жана Балыкчы шаардык саламаттык сактоо уюмдарынан Чолпон-Ата ОААжМСЭКБнын лабораториясына;

m) Нарын облустук саламаттык сактоо уюмдарынан Нарын ОААжМСЭКБнын лабораториясына;

n) Талас областык саламаттык сактоо уюмдарынан Талас ОААжМСЭКБнын лабораториясына тастыктоо үчүн жөнөтүлөт;

o) белгилүү бир аймактагы саламаттык сактоо уюмдары үчүн жыйынтыктарды тастыктоо жүргүзүүчү лабораториялар иштебей калган учурларда, КЖВГны тастыктоо үчүн плазманын үлгүсү аймактык областык КЖВГжАИВКБга (саламаттык сактоо уюмдарынын каражаттарынын эсебинен) жеткирилет, ал жерде плазманы 1,5-2 мл. кем эмес көлөмдө криопробиркага куюлат жана жеткирүү алдында -20$^{0}$дөн -40$^{0}$С t га чейин тоңдурулат, андан соң плазманын үлгүлөрү жумасына 1 жолу иштеп жаткан лабораторияларга: Жалал-Абад, Баткен областары – Ош областык ОААжМСЭКБнын лабораториясына, Нарын, Талас, Ысык-Көл областары – РКЖВГжАИВКБнын лабораториясына, Чүй областы жана Бишкек шаары - ОААжМСЭКДнын лабораториясына жеткирилет»

- 3.7-пунктунун 7 пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Лаборатория ПЦР ыкмасы менен тастыкталган оң натыйжаларды плазманын үлгүсүн тастыктоого жиберген дарыгерге, ал эми жыйынтыктын

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КӨЧҮРМӨСҮ АНЫК / КОПИЯ ВЕРНА
"____"_____________20____ж.г.

көчүрмөсүн (1-тиркемеде) ОААжМСЭКБ/КЖВГжАИВКБнын (республикалык, областык, Бишкек ш.) эпидемиологуна берет».

- 8 бөлүмүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Кан аркылуу жугуучу вирустук гепатиттин ПЦР диагностикасына катышкан ОААжМСЭКБнын бардык лабораториялары ОААжМСЭКДнын лабораториясына отчетту беришет, ал өз кезегинде жыйынтыкталган отчетту ОААжМСЭКДнын жугуштуу оорулардын алдын алуу башкармалыгына, РКЖВГжАИВКБнын эпидемиологиялык бөлүмүнө жана лабораториясына жөнөтөт».

2. ОААжМСЭКДнын, РКЖВГжАИВКБнын жана Ош областтык КЖВГжАИВКБнын директорлору 3.3-пункттун 6 пунктчасында келтирилген КЖВГ ПЦР-диагностикасы боюнча ОААжМСЭКБнын лабораториялык адистерин:

- Нарын жана Ысык-Көл облустары боюнча ОААжМСЭКБнын лабораториялык адистери - РКЖВГжАИВКБнын базасында;

- Чүй жана Талас облустарынын ОААжМСЭКБнын лабораториялык адистери - ОААжМСЭКДнын базасында;

- Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарынын ОААжМСЭКБнын лабораториялык адистери - Ош облустук РКЖВГжАИВКБнын базасында даярдашсын.

Мөөнөтү: 2023-жылдын 10-августуна чейин

3. Курамында ПЦР лабораториялары бар ОААжМСЭКБнын башкы дарыгерлери, өз каражаттарынын эсебинен КЖВГнын ПЦР диагностикасына даярдоо иштерине лабораториялык адистердин катышуусун камсыз кылышсын.

4. Буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Б.К.Артыкбаевага жүктөлсүн.

**Министр** **Г.М. Баатырова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КӨЧҮРМӨСҮ АНЫК / КОПИЯ ВЕРНА
"____" ______________20____ж.г.